УДК 28(575).2:130.123.4

## РАЗВИТИЕ ИСЛАМА В СУВЕРЕННОМ КЫРГЫЗСТАНЕ

***К.Т. Алимова***

Исследуется процесс развития ислама в условиях современного Кыргызстана.

*Ключевые слова:* религия; ислам; ханафия; мазхаб; салафизм; муфтият; даават; фанатизм; фундаментализм; хужира.

## THE DEVELOPMENT OF ISLAM IN SOVEREIGN KYRGYZSTAN

***K.T. Alimova***

This work investigates the development of Islam in the modern conditions of Kyrgyzstan.

*Keywords:* religion; Islam; hanafiya; madhhab; salafism; couplings; daawat; fanaticism; fundamentalism; khuzhira.

Кыргызстан көз карандысыздыкка жеткенден кийин советтик идеологиянын таасири жоголуп, жаңы руханий өнүгүүгө жол ачылган. Мурда басмырланып келген ислам дини дагы өнүгүүгө ээ болду. Дин адамзат маданиятынын бир бөлүгү экенин Чыңгыз Айтматов: "Дин нур төгүш керек. Диндин касиети – бириктирүү. Адам баласынын рухий турмушун гүлдөтө турган күч. Дин адам баласын боорукерликке, илим-билим алууга үндөп, кайрымдуулукка, мээримдүүлүккө жетелесе, анда ал эч кимге жолтоо кылбайт", – деп жазган [1].

Адам укугу, жарандардын эркиндиги боюнча биринчи иш чара катары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1991-ж. 16-декабрындагы "Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү" мыйзамды атаса болот [2].

Окумуштуу А.А. Асанкановдун изилдөөсү боюнча 1997-ж. республикадагы айыл жана шаар калкынын 57,3 %ы "Орозо" жана "Курман" айт майрамдарын белгилешкен, 14,4 %ы диний жөрөлгөлөрдү аткарышпайт, өлкө боюнча мечитке баргандардын саны 29 миң кишиге жеткен [3]. Калкынын 80 % ислам динин тутунган Кыргызстанга чет өлкөлөрдөн: Сауд Аравиясы, Пакистан, Түркия, Иордания, Тажикистан, Индия, Египет, Кувейт, Индонезия, Малайзия, Марокко, Алжир, Азербайжан, Өзбекстан сыяктуу мамлекеттерден дааватчылар келе башташкан. 1997-ж. – 96, 2001-ж. – 191, 2003-жылдын биринчи жарымында – 232 дааватчы республикага келген [3].

Мусулман өлкөлөрүнөн келген дааватчылар бардык күчүн ислам динин жаңыдан жайылтууга аракет кылышкан. Кыргызстандагы ислам дининин таасири бирдей эмес болгон. Бул жөнүндө А. Абасова төмөндөгүчө билдирген: "Борбордук Азия мусулмандарынын 20 %ы Ханафилик мазхабынын өкүлдөрү болуп саналышат. Аталган мазхабда жергиликтүү шарттар эске алынган, тактап айтканда каада-салттар сакталып кала берген" [4]. Кыргызстандын калкы 70 жылдан ашуун убакыт аралыгында атеисттик көз караштын басымы астында жашагандыктан, ислам growth динин бир топ алыстап калган. Диний эркиндиктин натыйжасында Кыргызстандыктардын чет өлкөлөрдөгү жогорку диний окуу жайларда окуу мүмкүнчүлүктөрү пайда болду. Ошол эле мезгилде республиканын өзүндө жогорку жана орто диний окуу жайлары да ачылган. Эгерде өлкөдө 1991-ж. бир дагы диний окуу жайы жок болсо, 1998-жылга карата – 3, 2001-ж. – 7 жогорку ислам окуу жайлары катталган. 1998-ж. – 4, 2001-ж. – 20, 2003-жылдын биринчи жарымында 28 медресе катталган. Көпчүлүк мечиттерде балдарга Куранды үйрөтүүчү "хужиралар" ачылган жана алардын саны 41 ге жеткен. Бул учурда ислам багытындагы уюмдардын ишмердүүлүктөрү да жандана баштаган. Мисалы, республикада 1997-ж. – 1, 2001-ж. – 3 уюм катталса, Эл аралык Ислам коомдук уюмунун "Куткаруу" бөлүмү 2003-жылга чейин каттодон өтпөй эле ишмердүүлүгүн жүргүзгөн [5]. Ислам дааватчыларынын жана уюмдарынын ар түрдүү багыттагы ишмердүүлүктөрү өлкөдөгү саясий, экономикалык, социалдык жана диний абалды эске албаганы коомчулуктун тынчын алган. ислам динин жайылтуу диний кырдаалдын өзгөрүшүнө алып келди. Ислам динин жайылтуунун натыйжасында республикада диний кырдаал өзгөрө баш-

таган. Ислам дини менен катар экстремисттик, фундаменталисттик (салафизм) идеялары таралып, саясий ислам жана динди саясатка аралаштыруу аракеттери жүрө баштады. Мындай кырдаал басма сөз такай чагылдырылып, терс мүнөздөгү ой пикирлерди жараткан.

Кыргызстанда чет өлкөлөрдүн [ислам мамлекеттеринде] ислам окуу жайларын бүтүрүп келген адистер эл арасында, ислам динин жайылтууда чоң роль ойношту. Жакынкы Чыгыш өлкөлөрдөгү "Харакат-уль-Ансар", "Жамиат-уль-Улама-и-Ислами", "Таблиг-и-Жамаат" сыяктуу диний окуу жайларда билим алууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Кыргызстанда XX к. 90-жылдарынан баштап, Түркиядан жана Пакистандан дааватчылар келе баштаган. Ошол мезгилде республикада жашыруун түрдө Пакистандан келген "Жамиат-уль-Ислами", "Жамиат уль-Улема", Ооганстандан "Талибан", "Жамиат уль-Гуляба" жана кайсы өлкөдөн келгендери дайынсыз "Даават уль-Иршат", "Сунни-Тахриб", "Хара-Катур-Ансар" сыяктуу диний уюмдар иштеп келишкен [5]. Алардын даваты Кыргызстандын мусулмандарынын окууларына, калыптанып калган каада-салттарына карама-каршы болгондуктан өлкөдөн айдалышкан. Пакистандан билим алып келген жаш диний ишмерлер өздөрүнүн кийген кийими, көз караштары менен айырмаланып турушкан. Жер-жерлердерде дааватчылардын ишине көзөмөл кылуу өтө чоң кыйынчылыктарды алып келген. Кыргызстанда исламдын жаңы диний агымдары, өздөрүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзө башташкан. Алардын катарында бахаилик, ахмадийя (кадиянилик), исмаилчылык, ваххабизм, "Хизб ут-Тахрир", "Таблиги Жамаат" болгон. Бул багыттардын дааватчылары бири-бири менен атаандашып, өздөрүнүн талапкерлерин көбөйтүү үчүн көп күч жумшашкан.

Кыргызстандагы ислам окуу жайларында окутуу акырындык менен бир нукка салына баштаган. Ислам институттары менен медреселердин окутуу программаларында орчундуу айырмалар болгон. Диний билим берүүдө бирдиктүү талап, [үлгү] жок болгон, ошондуктан диний окуу жайларын бүткөндөр көп учурда Куранды окушуп, сүрөөлөрдү жаттап, диний мүнөздө гана билим алышкан, ошондуктан алардын атайын бир кесипке ээ болушпагандыгы бир топ социалдык маселелерди жараткан. Ислам окуу жайларында билим алышкан жаштар руханий мүнөздөгү билимге гана ээ болушуп, жарандык кесипти өздөштүрүү маселеси чечилбей калган. Ошондуктан окутуу процессинде эки жактуу билим берүү маселеси негизги орунда турат.

1993-ж. Кыргыз Республикасынын мусулман казыяты түзүлүп, 5 айдан кийин анын ордуна жогорку деңгээлдеги Диний Башкаруу – Муфтият кызматы негизделген. Алгач бул жогорку диний уюм Орто Азия Мусулмандар Диний Башкаруусуна (САДУМ – Среднеазиатское Духовное Управление Мусульман 1943-ж. түзүлгөн) баш ийген. Өлкөнүн тарыхында биринчи муфтий [6] болуп Садыкжан Камалов шайланган, ал өз кезегинде "дин илими боюнча илимпоз, өлкөдөгү диний мекеменин башчысы" катары эсептелген. Кыргызстанда диний башкаруу системасы өнүгүп, областтык жана эки шаардык (Бишкек жана Ош) казияттары ачылган. 1997-ж. расмий түрдө Кыргызстанда Борбордук Диний Башкаруунун 3 бөлүмү катталса, 2001-ж. – 6, 2003-ж. алардын саны 11ге жеткен. Басмырланып, куугунтукталып жүргөн мечиттер кыска мөөнөттүн ичинде, эми диний агартуунун жана тазалануунун борборуна айланып, коомчулуктун көңүлүн өзүнө бурган. Кыргызстандын мусулмандары расмий түрдө орозо айт, курман айт майрамдарын мамлекеттик деңгээлде майрамдай башташкан. Диний маарекелерди өткөрүүдө өлкө башчылары да катышышкан. Ислам дини ар бир мусулман пенденин күндөлүк турмушунда орчундуу орунду ээлеп, айт майрамдарына арналган намаздар Бишкек шаарындагы Ала-Тоо аянтында окула баштады.

Борбордук Азия мамлекеттеринде ислам өлкөлөрүнүн геосаясий максаттары бар экендиги көпчүлүккө маалым. Аталган аймак ислам динин таркатуунун мейкиндиги катарында каралып, динди саясий максатта пайдалануу коркунучтары пайда боло баштаган. Диний багыттагы уюмдар, фонддор, миссиялар Кыргызстанда ислам динин кенири жайылтуу үчүн бир топ чараларды жүргүзүшкөн.

Эми Кыргызстандагы диний агартуучулук маселесине көңүл бурсак, Куранды Э. Турсунов биринчи жолу кыргыз тилине академик И.Ю. Крачковскийдин 1963-ж. орус тилинде жарык көргөн эмгегинен которгон. Мезгилдүү басма сөз майданында кыргыз тилинде "Ыйман", "Ислам маданияты", "Ислам нуру", 2005-ж. май айынан баштап "Көк нуру" аттуу гезиттер чыга баштаган. Жалал-Абад областынын казыяты тарабынан кыргыз жана өзбек тилинде "Мусулман", Ош областында өзбек тилинде "Иймон юлдузи", 1500 нуска кыргыз тилинде "Шариат" гезиттери чыга баштаган [7].

Эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин Кыргызстандын мусулмандары ислам дининин ыйык шаарын – Меккеге ажылыкка барууга мүмкүнчүлүк алышкан. 1990-ж. Мекеге – 40, 1991-ж. – 350, 2013-ж. 15 миң киши ажылыкка барып келишкен. 2013-ж. биринчи жарымында өлкөдө 1 Ислам университети, 5 институт, 1 эл аралык жогорку мусулман окуу жайы катталган. 1993-ж. Ош мамлекеттик университетинде ислам таануу (теология) факультети Түркиялык "Дианет Вакфы" фондунун каржы-

лоосунун негизинде Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде жана Кыргыз-Россия Славян университетинде дин таануу факультеттери ачылган [5].

Кыргызстандагыдай диний эркиндик коңшулаш өлкөлөрдө болгон эмес. Мисалы 27 млн калкы бар күчтүү Өзбекстанда ажылыкка барууга чектөө киргизилген, Министрлер кабинети 1985-ж. февраль айында “Ажылыкка барууну акыйкат уюштуруу” деп аталган Токтом кабыл алган. Ал токтомго ылайык ар бир жаран беш жылда бир жолу, алтымыш жаштан кийин гана ажылыкка барууга мүмкүндүк ала алган. Ажылыкка баруучу талапкердин өздүк ишин райондук жана областтык деңгээлде текшерүүдөн өткөндөн кийин гана уруксат берилген. Сапарга аттанган ар бир жаран атайын маалымат баракчаларын толтуруп, комиссияга кепилдик кагаздарын тапшырууга милдеттендирилген.

Жогоруда айтылгандай 1991-жылга чейин өлкөнүн аймагында бир дагы медресе катталбаса, 2003-жылдын биринчи жарымында: Баткен жана Чүй – 11; Жалал-Абад жана Таласта – экиден; Ысыкөл жана Нарында бирден; Ош областында 13 медресе, бардыгы болуп 2015-жылга карата 41 медресе катталган. Диний билим алууга умтулгандардын арасында үчтөн бирине жакыны кыз балдар болушкан. Жалпы жонунан ислам жогорку окуу жайларында жана медреселерде окуган жаштардын саны 1000 ден ашкан.

Эгерде биз мындай абалды коңшу Өзбекстан менен салыштыра турган болсок, анда 1 ислам университет жана институт болгон, ал эми 70 медресеге ачууга уруксат берилген [8].

Кыргызстандагы исламдын жанданышы өлкөнүн ар кайсы аймактарында түрдүүчө жүргөн. Түштүктө аймакта карама-каршы, татаал диний өзгөрүүлөр бар, анткени мында илгертен бери эле исламдын таасири күчтүү болгон. Ал төмөнкү менен түшүндүрүлөт: 1) Отурукташкан өзбек, тажик элдеринин кыргыз жеринде жашап, алар аркылуу исламдын таасири күчөгөн; 2) 1762-жылдан кийин түштүктө ислам дининин таасири Кокон хандыгы аркылуу күчөтүлгөн; 3) Бул аймакта мусулмандар зиярат кылчу жайлар көбүрөөк жайгашкан, алардын эң маанилүүсү Орто Азия элдери үчүн ыйык болуп саналган Сулайман тоону атаса болот.

Республиканын түштүгүндө катталбаган мечиттердин саны өсүп жатат, мисалы, үч областта расмий түрдө 880 мечит каттоодон өткөн, ошол эле мезгилде 364 катталган эмес.

Диний билим алуунун натыйжасында жаш балдарды орто мектептерде окутпай коюу өнөкөткө айлана баштаган. Кыздарга жалаң гана диний билимди мечиттердин алдында түзүлгөн “Хужиралардан” ала башташкан. Бул жерде чоң социалдык маселе келип чыгат. Анткени, диний билим алуу жаштардын адеп-ахлагын жакшыртууга, ыймандуулукка тарбиялайт, андан сырткары араб тилин билүү менен алар сөзсүз түрдө ислам маданияты менен таанышууга мүмкүнчүлүк алышат. Диний илим менен кошо жарандык кесип да үйрөтүү зарылчылыгы келип чыгууда. Себеби диний окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү көпчүлүк учурда жумушсуздардын катарын толукташууда. Ислам дининин кеңири тарашы, албетте, коомдун социалдык турмушунда оң көрүнүштөрдү пайда кылды.

Мында өзгөчө мамиле исламга өтө катуу берилгендиктен (фанатизмден) сак болуу зарыл. Мисалы, ислам фундаментализми (ас-салафийа анын жактоочулары салафиттер) – диндин тазалыгын сактап калууга аракет жасашкан багыт экендигин А. Сагадеев ачык айкын далилдеген [9]. Ч. Айтматовдун айтуусунда: “Мусулман фундаментализми бүгүн саясий көрүнүш. Ал мусулманчылыктагы эң маанилүү болуп саналган агым сопучулукту (суфизмди) танып, жокко чыгарып, жалпы маданиятты өзгөчөлөнтүүчү ролду ойнойт” [10].

Өлкөдөгү дин багытындагы эркин саясат бардык диндердин ишмердүүлүгүнө, дин тутуу жана диний уюмдарды түзүү жаатарында кеңири мүмкүнчүлүк берген. Идеологиялык боштук шартында диний баалуулуктар даңазалана баштады. Ислам өлкөлөрүнөн келген дааватчылар республикада жаңы шартта динди өнүктүрүүгө, калктын кеңири катмарына жеткирүүдө чоң иш аракеттерди жасашкан.

Кыргыз тарыхына көз чаптырсак, ислам дини мамлекеттин бирдиктүү дини болбогондуктан бардык урууларга бирдей таркаган эмес. Кыргыз уруулары ар түрдүү динди туткан мамлекеттердин чек араларында жакын жайгашкандыктан, алардын маданиятынын, дининин таасирине чалдыккан.

Ислам дини өз учурунда акырындап кыргыз элинин тилине, дилине, кулк-мүнөзүнө, ой жүгүртүүсүнө, каада-салтына таасир эткен. Бирок башка элдерге окшоп кыргыздарда ислам дини кеңири таркап, өнүгүп кете алган эмес. Көчмөн турмуштун таасири ислам динин кабыл алууга жолтоо болгон. Кокон хандыгынын баскынчылык саясатынын натыйжасында кыргыздарда араб жазуусу колдонула баштаган жана Куран аркылуу араб сөздөрү кыргыз тилинин түштүк диалектине кирген [11].

Диний фанатизмден баш тартып, ислам дининин баалуу, гумандуу тараптарын пайдалануу азыркы күндүн негизги талабы болуп саналат. Дин адам башына кыйынчылык түшкөндө, аларды жеңүүгө жана алардан арылууга тирек болот. Дин муун ортосундагы байланыштардын жана адамдык касиеттердин, сапаттардын булагы.

Өлкөдө өткөөл мезгил өкүм сүргөндө, эреже катарында, диндердин мааниси күчөп, алардын жандануусу башталып, коомдун аң-сезимин

башкаруучу куралга айланиуусу мыйзам ченемдүү көрүнүш экендигин тарых барактары далилдеди.

Азыркы учурда тездик менен жүрүп жаткан саясий, социалдык, экономикалык, руханий өзгөрүүлөр динге кылдат мамиле жасоо менен бирге, элдин диний багытын илимий жактан аныктап, иш чараларды иштеп чыгып, аларды натыйжалуу ишке ашыруу талабын коюуда.

Эгемендүүлүктүн шартында мурдагы партиялык идеология жоюлуп, анын ордун ээлөө үчүн көптөгөн күчтөр өздөрүнүн таасирин күчөтүүгө аракеттенүүдө. Натыйжада ар түрдүү идеялар менен катар диний агымдар да өздөрүнүн аракетин күчөттү.

***Адабияттар***


1. *Айтматов Ч.Т.* Кумарага жашырылган куу баш, же түрктөрдүн тарыхына көз караш (Плач охотника над пропастью: исповедь на исходе века) / Ч.Т. Айтматов, А.М. Шаханов. Алматы, 1996. 314-б.
2. Закон Кыргызской Республики “О свободе вероисповедания и религиозных организациях” от 16 декабря 1991 г. № 657-XII // Слово Кыргызстана. 1992. 1. февр.
3. *Асанканов А.А.* Кыргызы: рост национального самосознания / А.А. Асанканов. Бишкек, 1997. С. 20.
4. *Аббасова А.* К вопросу о религиозном факторе в современном Узбекстане / А. Аббасова // Центральная Азия и Кавказ. 2001. № 1. С. 146.
5. *Мамаюсупов О.Ш. В*опросы (проблемы) религии на переходном периоде / О.Ш. Мамаюсупов. Бишкек, 2003. С. 78–88.
6. Ислам кыскача маалыматтама. Фрунзе, 1990. 109-б.
7. *Курбанова Н.У.* Проявление политического ислама в постсоветских центральноазиатских государствах на рубеже XX–XXI вв. / Н.У. Курбанова. Бишкек, 2008. С. 107.
8. *Пономарев В.* Ислам в системе государственной политики Узбекистана и Туркменистана: 1990-е годы / В. Пономарев // Ислам в Евразии М., 2001. С. 349.
9. *Сагадеев А.* Исламский фундаментализм: что же это такое? / А. Сагадеев // Азия и Африка сегодня. 1994. № 6.
10. *Айтматов Ч.Т.* Мы должны знать, как нам жить вместе / Ч.Т. Айтматов // Государственность и религия в духовном наследии Кыргызстана: труды Института мировой культуры. КРСУ. Бишкек – Лейпциг, 2003. Вып. III. С. 127–129.
11. *Карасаев К.* Өздөштүрүлгөн сөздөр / К. Карасаев. Фрунзе, 1986. 56–57-б.